О первых устных переводах в казахской степи произведений И.С. Тургенева мы узнаем из статьи русского ученого Г.И. Потанина «В юрте последнего киргизского цесаревича», опубликованной в журнале «Русское богатство» (1896, № 8). Начиная с 30-х годов XX века, на казахский язык переведены первые главы романа «Отцы и дети» («Әдебиет майданы», 1934, №9); рассказ «Льгов» («Әдебиет майданы», 1935, № 4) «Хорь и Калиныч» («Әдебиет майданы», 1939, № 10). В 1934 году отдельной книгой издан рассказ «Муму» (перевод Падрийды) [5]. В этом же году выпущен отдельной книжкой рассказ «Бежин луг». В 1950 году издаются рассказы И.С. Тургенева на казахском языке, выпущена книжка, в которую вошли рассказы «Малиновая вода», «Ермолай и мельничиха», «Бирюк», «Касьян с красивой мечи», «Льгов», «Бежин луг» – в переводе О. Оспанова; рассказ «Хорь и Калиныч», переведённый И. Дуйсенбаевым.

В середине 1950-х годов появляется роман «Дворянское гнездо» в переводе М. Ауэзова и его теоретическая работа, раскрывающая опыт перевода этого романа. Перевод «Дворянского гнезда» явился новаторской и спорной работой М.О. Ауэзова. В статье «О переводе романа «Дворянское гнездо» он писал: «Я по мере моих сил старался перевести роман прежде всего точно. Только точный перевод может передать особенности языка, стиля и фразы большого писателя. И в этом смысле под точным переводом я понимаю такой перевод, где предложения перевода соответствовали бы предложениям оригинала» [3]. Теория «точного перевода», выдвинутая и реализованная М.О. Ауэзовым, позволила сделать казахскому переводоведению крупный шаг от буквализма 1920-30-х годов к адекватному переводу. Мухтар Омарханович в беседе с И.С. Брагинским говорил: «Знаете ли, кто оказал на меня самое сильное влияние? Не догадаетесь! Тургенев». Далее писатель пояснил свое понимание термина «влияние»: «Литературное влияние – это не простая вещь, его только упрощенцы думают руками схватить и показать, смешивая влияние и подражание. Творческое влияние происходит где-то в глубине, проникает в самую душу писателя, делается его второй природой и проявляется как-то по-своему, не всегда заметно для невооруженного взгляда. Вот так и Тургенев…» [6].

В 1952 году увидел свет роман «Рудин» в переводе Х. Есенжанова, Т. Жарокова и С. Сарсекова. В 1953 году вышло сразу два романа русского классика – «Накануне» (перевод Ж. Алтайбаева) и «Отцы и дети» (К. Жармагометов). Переводы романов «Новь» (1959 г.) и «Дым» (1966 г.), выполненные Г. Ахметовым, высоко оценил Р.Б. Бердибаев [7]. Повести «Ася», «Вешние воды», «Первая любовь», «Постоялый двор» воссозданы на казахском языке М. Базарбаевым в 1954 и 1960 годах.

Переводы произведений И.С. Тургенева на азербайджанский язык начинаются с 1929 года романом «Отцы и дети» («Аталар ве огуллар», перевод Э. Гариб). В 1935 году увидели свет на азербайджанском языке рассказ «Муму», роман «Дворянское гнездо» («Дворян ожагы»). Также в 30-е годы выпущен цикл рассказов «Овчунун хатиралари» («Записки охотника», перевода М. Рзагулузаде). В 1950-м году переводчик Х. Басилов опубликовал свой вариант перевода данного цикла под названием «Овчунун хекайалары».

В 50–60-е годы азербайджанский читатель имел возможность читать на родном языке романы «Рудин» (перевод М. Рзагулузаде), «Накануне» (Арафа), «Дым» («Түстү») в переводе Мажнунбайева, повести «Ася», «Первая любовь» («Илк махаббат»), «Вешние воды» («Бахар сулары»), рассказы «Воробей» («Билдирчин»). Следующий период в воспроизведении творчества И.С. Тургенева в Азербайджане приходится на 70-е и 80-е XX годы. Этот период отличается в основном переизданием переведенных ранее произведений. В это время были переизданы избранные произведения И.С. Тургенева, переведенные переводчиками М. Рзагулузаде, У. Элизаде, Д. Афендиевым. В 1990 году издательство «Азернашр» выпустило третий том избранных произведений И.С. Тургенева. В 2006 году по указу президента Азербайджана И. Алиева издательством Шарк-Гарб выпущены избранные произведения И.С. Тургенева тиражом в 25000 экземпляров.

**Выводы:**

1. Историографический обзор трансляций произведений И.С. Тургенева в тюркском мире свидетельствует об достаточно интенсивном освоении творчества русского писателя национальными культурами;

2. Отметим, что наряду с трансляцией на тюркские языки, осуществлялись попытки и научно-критического осмысления творчества писателя в соотнесении с закономерностями развития собственных национальных литератур;

3. Творчество и стиль Тургенева оказали своевременное влияние на развитие братских литератур на реалистических путях осмысления национальной действительности и требуют дальнейшего исследования переводов на разных языках.

**Список литературы:**


1. **Джеймс Генри.** Иван Тургенев [Текст] / Генри. Джеймс – М.: Наука, 1982. – 78 с.
2. **Сохряков Ю. И.** Художественные открытия русских писателей [Текст]: О мировом значении русск. / Ю. И. Сохряков. – М.: Просвещение, 1990. – С. 26-31.
3. **Нуриллин, И.** Путь к зрелости [Текст] / И. Нуриллин. – Казань, 1971. – 178 с.
4. **Нигматуллин, Ю.** Тургенев и татарская литература [Текст] / Ю. Нигматуллин. – Казань, 1961. – 3 с.
5. **Абайдельдинов Е. М.** Проблемы перевода произведений И.С. Тургенева на казахский язык [Текст]: автореф. дис. … канд. филол. наук: 10.01.01 / Е. М. Абайдельдинов. – Алматы, 1991. – 25 с.
6. Брагинский, И. С. Ученый – поэт. К характеристике научной деятельности И.О. Ауэзова [Текст] / И. С. Брагинский // Народы Азии и Африки. – 1961. – № 6. – 52 с.

**УДК 811.111**

***Шерматова А.М.***
*доцент, Ошский технологический университет*
*E-mail: shermatova.76@inbox.ru*

## НЕКОТОРЫЕ ПРОБЛЕМЫ КЛАССИФИКАЦИИ ЧАСТЕЙ РЕЧИ В ЛИНГВИСТИКЕ

*Предметом исследования является некоторые проблемы классификации частей речи в лингвистике. Целью исследования является разработка универсальной классификации частей речи для лингвистов всего мира. В исследовании применялся метод анализа. Проблема классификации частей речи является спорным вопросом в общей языковой теории и анализе некоторых языков. В данной статье автор на основании собственных анализов старается выразить свое мнение по классификации слов частей речи мировой лингвистики. В связи с полу функциональностью характеристик многочисленных слов разработка универсальной классификации частей речи до сих пор остается большой проблемой для лингвистов всего мира.*

***Ключевые слова:*** *части речи, проблема, лексико-грамматический, классификация, структурно-семантический, нормативно-грамматический, эмоционально-императивный, номинация.*

## ЛИНГВИСТИКАДА СӨЗ ТҮРКҮМДӨРҮН КЛАССИФИКАЦИЯЛООНУН КЭЭ БИР КӨЙГӨЙЛӨРҮ

*Изилдөөнүн предмети болуп лингвистикадагы сөз түркүмдөрүн классификациялоонун кээ бирки көйгөйлөрү эсептелет. Иштин максаты катары дүйнө жүзүндөгү лингвисттер үчүн сөз түркүмдөрүнүн универсалдуу классификациясын иштеп чыгуу болуп саналат. Бул макалада илимий изилдөөнүн талдоо усулу колдонулду. Сөз түркүмдөрүн классификациялоо жөнүндөгү маселе тилдин жалпы теориясында да, айрым бир тилдерди анализдөөдө да бир кыйла талаштуу маселе болуп келүүдө. Макалада автор дүйнөлүк тил илиминдеги сөздөрдү сөз түркүмдөрү боюнча классификациялоонун чечилген жана чечилбеген көйгөйлөрүнө карата өзүнүн жеке талдоосуна таянып өз пикирин билдирүүгө аракет кылган. Көптөгөн сөздөрдүн жарым функционалдык мүнөзүнүн айынан дүйнө жүзүндөгү лингвисттер үчүн сөз түркүмдөрүнүн универсалдуу классификациясын иштеп чыгуу чоң көйгөй боюнча калууда.*

***Негизги сөздөр:*** *сөз түркүмдөрү, көйгөй, лексика-грамматикалык классификация, номинация, лингвистика, сүйлөм.*

## SOME PROBLEMS OF CLASSIFICATION OF PARTS OF SPEECH IN LINGUISTICS

*The problem of classification of parts of speech is one of the controversial issues in the theory and analysis of some languages. In this article, the author on the bases of his own analysis tries to express his opinion on the parts of speech of words classification of world linguistics. In connection with the semi functionality of the characteristics of multiple words, the development of a universal classification of parts of speech is still a big problem for linguists of the whole world.*

***Key words:*** *parts of speech, problems, lexical- grammatical, classification, structural- semantic, nominative- grammatical, emotional- imperative, nomination.*

Тил — адамдардын ортосундагы карым-катнаштын эң маанилүү каражаты, социалдык тажрыйбаны жана билимди бир муундун экинчи муунга өткөрүп берүүнүн жолу. Тилдеги

бардык сөздөр сөз түркүмдөрү деп аталган лексика-грамматикалык класстарга бөлүнөт. Көптөгөн сөздөрдүн жарым функционалдык мүнөзүнүн айынан дүйнө жүзүндөгү лингвисттер үчүн сөз түркүмдөрүнүн универсалдуу классификациясын иштеп чыгуу чоң проблема боюнча калууда. Бул макалада биз кээ бир белгилүү классификацияларды (Аристотелдин, Суиттин, Есперсендин, Фриздин, Брендалдын, Гардинердин жана түрдүү лингвистикалык багыттагы орус окумуштууларынын) санап өтөбүз. М. Ф. Лукин тарабынан сунуш кылынган, сөздөрдүн номинативдик-грамматикалык принципке негизделген классификациясы кеңири сүрөттөлүп берилет. Антсе да салттуу классификация көңүл бурууга татыйт, себеби проблема таптакыр анда эмес, тескерисинче өзүнүн гибриддик табияты боюнча бир нече сөз түркүмдөрүнүн касиеттерине ээ болгон, бул болсо аларды сөздөрдүн тигил же бул группасына киргизүүнү кыйындаткан сөздөрдө. Мына ошентип, сөз түркүмдөрүн айырмалоочу классификациясын иштеп чыгуу түбөлүктүү жана чечилиши күмөн болгон проблема боюнча калууда.

Тил адамдардын ортосундагы карым-катнаштын эң маанилүү каражаты, ошондой эле социалдык тажрыйбаны жана билимди бир муундун экинчи муунга өткөрүп берүүнүн жолу болуп саналат. Карым-катнаштын “инструменти” болуп өзүнүн бүтүндөй биримдүүлүгүндөгү (фонетикалык, лексикалык, сөз жасоочулук, синтаксистик жана стилистикалык аспекттерде) сөз эсептелет. Тилдеги бардык сөздөр лексика-грамматикалык разряддар боюнча классификацияланышат. Сөздөрдүн көп функционалдуулугунун себебинен алардын универсалдуу классификациясын иштеп чыгуу бир катар кыйынчылыктарды жаратат. Ошондуктан сөз түркүмдөрүн классификациялоо жөнүндөгү маселе тилдин жалпы теориясында да, айрым бир тилдерди анализдөөдө да бир кыйла талаштуу маселе болуп калууда [1].

Кээ бир окумуштуулардын ою боюнча, муну бир нече себептер менен түшүндүрсө болот, алардын бири сүрөттөлүп жаткан объекттин жетишээрлик татаал жана карама каршылыктуу, сөз түркүмдөрүнүн ортосундагы так чек аранын жоктугунан өзүнө тартипке салуучу логикалык торду ыргытууга мүмкүндүк бербеген спецификасында жатат. Ошондуктан “калдыксыз классификацияга” үмүт кылып ишенүү—демек философиянын негиз салуучу мыйзамдарынын бири болгон сандан сапатка өтүү мыйзамын капарга албоо болуп эсептелет: объекттердин (лингвистикалык бирдиктердин класстарынын) белгилердин жыйындысынын жада калса бирөөсү боюнча айырмалуулугу аларды башка мүнөздөмөлөрү дал келген учурда ар түрдүү класстарга жөнөтүп жиберет. Бул объективдүү мүнөздөгү кыйынчылык болуп саналат.

Экинчи кыйынчылык субъективдүү мүнөзгө ээ жана классификациялоо учурунда — сөздүн формалдуу кеңири маанисинде (морфологиялык, дистрибутивдик-орун басарлык, синтаксистик, семантикалык же алардын жыйындысынын) “алардын баалуулук шкаласына” жараша критерийлердин кайсы бирөөсүнө басым кылуу аракетинен келип чыгат, бул жыйынтыгында класстардын көп же аз санына алып келет жана, ушуга ылайык, бул класстар аздыр же көптүр ири болуп саналышат.

Белгилүү болгондой, Европа тилдеринде көп убакыт бою сөз түркүмдөрүнө бөлүүнүн негизи болуп төрт сөз түркүмүн бөлүп көрсөткөн Аристотелдин классификациясы кызмат кылып келген: атооч, этиш, ат атооч жана байламта. Көптөгөн классификациялар үчүн негиз болуу менен Аристотелдин сөз түркүмдөр системасы өзгөрүлбөстөн эле тура берген эмес. Айтсак, XVII кылымда англис тилинде тогуз сөз түркүмү болгон: атооч, этиш, ат атооч жана байламтадан сырткары өзүнчө сөз түркүмү болуп сын атооч, чакчыл, сан атооч, тактооч, ошондой эле артикль бөлүнүп көрсөтүлгөн.

Кылымдар бою көптөгөн тил илимин изилдөөчүлөр сөздөрдүн сөз түркүмдөр боюнча салттуу бөлүнүшүнө англис тилинин өзгөчөлүктөрүнө негизденип өзгөрүүлөрдү киргизгенге аракет кылып келишкен. Мисал катары сөздөрдү саналуучу жана саналбоочу (Б. Джонсон), жөндөмөлүү жана жөндөмөсүз (Ч. Батлер), жөндөлүүчү жана жөндөлбөөчү (В. Буллокар) кылып бөлгөндү көрсөтүп кетсек болот [2].

А бирок сөз түркүмдөрүнө бөлүүнүн илимий жактан негизделген негизги принциби болуп

морфологиялык белгилер эсептелген.

Алсак, тилдик карым-катнашты тилдин системасынан көз карандысыз сүйлөө ишмердүүлүгү катары караган америкалык дескриптивдик лингвистиканын өкүлдөрү сөз сүйлөм ичинде ээлеши мүмкүн болгон синтаксистик позициясына жараша сөз түркүмдөрүн бөлүшөт (Л. Блумфилд, Дж. Трейгер, Л. Смит ж.б.) [3].

Мисалы, В. Брендаль морфология жана синтаксисти кескин түрдө каршы коюу менен, сүйлөмдө ар бир сөз түркүмү кандай гана болбосун синтаксистик милдетти аткара алат деп ырастаган. Брендаль боюнча сөз фонетикалык да, функционалдык да өзгөрүүлөргө тушугат, ошондой болсо да анын морфологиялык мүнөздөмөсү аны тигил же бул сөз түркүмүнө киргизүүдө эч кандай роль ойнобойт [1]. Тилди реалдуу кептик “манифестациялардан” көз карандысыз кароо менен, В. Брендаль эч дегенде бардык индоевропа тилдеринде сөз түркүмдөрү боюнча бөлүүнү аныктаган жалпы универсалдуу негиздин бар экендиги тууралуу тыянакка келет. Сөз түркүмдөр системасы ар бир конкреттүү тилде төрт фундаменталдык категориянын комбинациясынан көз каранды: субстанциянын, мамиленин, сандын жана сапаттын. Мына ошентип, В. Брендалдын теориясында Аристотелдик классификация жалпы жолунан туруктуу бойдон, өзгөрбөстөн калган.

Сөз түркүмдөр теориясына олуттуу салым орус тил илими тарабынан киргизилген. Акыркы эки кылымдан бир аз көбүрөөк убакыттын ичинде (Ломоносовдон биздин күндөргө чейин) орус тили жөнүндө илимдин өнүгүү процессинде сөз түркүмдөрүн сүрөттөп жазууда окумуштуулар ар түрдүү классификацияларга негизденип келишкен. Алардын эң маанилүүлөрү: семантикалык, формалдык-грамматикалык, лексика-грамматикалык, структуралык-семантикалык. Семантикалык багыттын өкүлдөрү (М. В. Ломоносов, А. Х. Востоков, А. А. Потебня, Д. Н. Овсянико-Куликовский) сөз түркүмдөрүн классификациялоодо сөздөрдүн мазмунунан, маанисинен алардын грамматикалык формасына барышкан. Формалдык-грамматикалык багыттын өкүлдөрү (Ф. Ф. Фортунатов, А. А. Шахматов, М. Н. Петерсон, А. М. Пешковский, Д. Н. Ушаков) сөздөрдүн грамматикалык формасынан алардын маанисине барышкан, бул жыйынтыгында сөздөрдүн сөз түркүмдөрү боюнча классификациясын эмес, аларды өзгөрүүчүлөргө жана өзгөрбөөчүлөргө бөлүүнү берди.

Окумуштуу-тилчилердин үчүнчү тобу (В. В. Виноградов, Е. М. Галкина-Федорук, А. Н. Гвоздев, Н. С. Поспелов) сөздүн мазмунунун (маанисинин) жана формасынын ички биримдигине негизденишкен. Алардын лексика-грамматикалык деп аталып калган жана азыр салттуу болуп калган классификациясы илимий чөйрөдө кеңири таанылууга ээ болду.

Салттуу классификация боюнча “сөз түркүмдөрү” термини сөздөрдүн алар билдирген маанилери боюнча, аларга тиешелүү болгон морфологиялык белгилери жана грамматикалык категориялары боюнча, форма жана сөз жасоонун типтери боюнча, алардын сүйлөмдүн составындагы синтаксистик милдеттери боюнча бири биринен айырмаланган структуралык-семантикалык, же лексика-грамматикалык разрядын билдирет [1].

Бул классификациянын негизинде үч принцип турат: семантикалык (маани), морфологиялык (форма) жана синтаксистик (функция). Семантикалык принцип сөз түркүмдөрү — бул белгилүү бир лексика-грамматикалык (категориалдык) мааниге ээ болгон сөздөр (алардын өзүнчө формасы эмес) экендигин эске алат. Ушул принципке ылайык этиштер разрядына кыймылдын, процесстин жалпыланган мааниси бар сөздөр бириктирилет. Морфологиялык принцип көңүлдү сөздүн морфологиялык көрүнүшүнө, анын грамматикалык категорияларынын жана формаларынын системасына топтойт, башкача айтканда берилген сөз түркүмүнүн ар бир сөзүнүн морфологиялык өзгөчөлүгүн ачып көрсөтөт. Айтсак, этиш категорияларынын көп түрдүүлүгү менен мүнөздөлөт, бул анын грамматикалык формаларынын спецификасын аныктайт.

Синтаксистик принцип сөз түркүмдөрүн аныктоодо ар бир сөз түркүмү сүйлөмдө белгилүү бир негизги милдетти аткаргандыгы жана башка разряддагы сөздөр менен грамматикалык айкалышы менен мүнөздөлөт дегенге негизденет деп эсептейт. Буга карабастан бир катар окумуштуулар, анын ичинде М. Ф. Лукин да, бул классификациянын

олуттуу бир кемчилигин бөлүп көрсөтүшөт: бардык эле сөздөр (мисалы, ат атоочтор, сырдык сөздөр, модалдык жана кызматчы сөздөр) номинативдүүлүккө ээ эмес [4].

“Русская грамматика-80де” чагылдырылган структуралык-семантикалык багыт классификацияланып жаткан сөздөрдүн мазмунун, структурасынын жана семантикасынын формасынын өз ара шартталышына негизденет [5].

Биздин классификацияларга берген кыскача обзорубуз сөз түркүмдөрүн кандайдыр бир өңүттүү (аспекттүү) принцип боюнча топтоштуруу тенденциясын дагы бир жолу бекемдейт, мунун жыйынтыгында мазмун формадан ажырайт же тескерисинче болот, бул алынган классификациялар белгилүү кемчиликтердин айынан бир катар эскертүүлөрдү пайда кылышына алып келет.

Мындан сырткары, аталып өткөн сөз түркүмдөр классификациясынын дагы бир өзгөчөлүгү алардын баары эң алдын тилдик системанын сөздөрүнүн өзүнүн спецификасына, тилдик система имманенттүү, башкача айтканда өзүндө жана өзү үчүн камалган сыңары, тилдик системанын объекти болуп сөздөр жана алардын бири-бири менен болгон мамилелери гана эсептелгендей негизделишинде турат. Номинация аларда этибарга алынбайт же болбосо, жакшы дегенде, арткы планга жылып кетет. Мына ошондуктан М. Ф. Лукин номинативдик-грамматикалык принцип боюнча өз классификациясын сунуштайт. Бул принциптин маңыз-мааниси сөз түркүмдөрүн мазмуну (мааниси) боюнча эмес, формасы (грамматикалык белгилери)боюнча эмес, алардын биримдиги боюнча эмес, эң алдын номинация боюнча, сөз түркүмдүк объект боюнча, мазмундун жана форманын биримдиги боюнча аныктоо, классификациялоо керек дегенде жатат.

Л. И. Шмелев боюнча, сөз номинативдик бирдик, аттын, ысымдын бирдиги болуп саналат [6]. Болмуштун же биздин ички дүйнөбүздүн окшош көрүнүштөрүн чагылдыруу белгиси боюнча бириккен бардык сөздөр эң алдын бүтүндөй тилден сырткаркы болмушту чагылдырышат, ошондуктан алардын баары номинативдүү, башкача айтканда белгилүү бир номинативдик маанини алып жүрүүчүлөр болуп эсептелишет.

Номинация— бул предметтердин, объективдүү болмуштун көрүнүштөрүнүн гана эмес, биздин ички дүйнөбүздүн (сезимдердин, көңүлдүн) аталышы. Демек, номинация бизге сезимдерде, туйгуларда берилген болмуштун өзү сыяктуу эле көп кырдуу.

М. Ф. Лукин [4] төмөнкү номинацияларды бөлүп көрсөтүүнү сунуш кылат: лексикалык, грамматикалык, ситуациялык, модалдык, эмоционалдык-императивдик жана түз. Номинацияны мындай кеңири түшүнүү биздин тилдик системанын ар бир сөзүн кайсы бир сөз түркүмүнө (анын өзүнүн номинациясын билдирүү чөйрөсүндө) киргизүүгө мүмкүндүк берет.

Номинативдик-грамматикалык принцип боюнча 13 сөз түркүмү бөлүнүп көрсөтүлөт: зат атооч, сын атооч, сан атооч, этиш, тактооч, предикативдер (лексикалык номинация); ат атооч (ситуациялык номинация); модалдык сөздөр (модалдык номинация); сырдык сөздөр (эмоционалдык-императивдик); тыбышты тууроо (түз); предлог, байламта, бөлүкчө (грамматикалык номинация).

Бул сөз түркүмдөрүнүн салыштырмалуу жаңы классификациясы. Антсе да бизге В. В. Бабайцеванын салттык классификацияны танбаган, бирок “сөз түркүмдөрүнүн классификациясынын ирettүүлүгү ар түрдүү, көбүнчө – эки, кээде – үч, сөз түркүмдөрүнүн дифференциалдык касиеттерин айкалыштырган сөздөрдү бузат” деп эсептеген позициясы жакын [5]. Грамматикалык адабиятта мындай сөздөр кээде гибриддик, кээде ортодогу, кээде перифериялык, кээде синкретикалык катары квалификацияланышат.

Азыркы убактын кээ бир окумуштуулары мындай сөздөрдү жарым функционалдуу деп аташат [2, 6]. Жарым функционалдуулукту тилдик бирдиктердин түрдүү сөз түркүмдөрүнүн категориалдык мааниси менен салыштырыла алуу жөндөмдүүлүгү катары, алардын сүйлөмдөгү аракетинин өзгөчө семантикалык-синтаксистик шарттарынын жыйынтыгы катары аныкташат [4]. Мындай сөздөр (гибриддик, жарым функционалдуу ж.б.) түрдүү көрүнүштөрдүн натыйжасы болуп калышы мүмкүн: бирөөлөрү синтаксистик шарттар менен аныкталат, экинчилери тарыхый өзгөрүүлөрдүн кандайдыр бир тепкичин чагылдырышат,

үчүнчүлөрү сөз жасоонун натыйжасында пайда болушат.

Ошондуктан В. В. Бабайцева “көбүн эсе скептикалык мамилени жараткан сөз түркүмдөрүнүн классификациясы жөнүндөгү маселе сөз түркүмдөрүн классификациялоодо типтүү учурлардын универсалдуу схемасына өтмө (гибриддүү) бөлүктөрүнүн эсебин талап кылган тилдик жана сүйлөө фактыларынын бүтүндөй ар түрдүүлүгүн жайгаштырууга аракет кылышкандыгы себептүү көйгөйлүү жана “түбөлүктүү” болуп калууда деп корутунду жасайт” [3].

Сөз түркүмдөрүнүн классификациясы проблемасы ошондой эле тил ар дайым туруктуу кыймылда, тынымсыз өнүгүү абалында тургандыгынын себебинен да чечилбей келе жатат. Тилдин морфологиялык системасынын өзгөрүүсүнүн жана өнүгүүсүнүн негизги себептеринин бири болуп, белгилүү болгондой эле, бир сөз түркүмүнүн сөздөрүнүн башка сөз түркүмүнүн маанисинде көп колдонуу, мындайча айтканда мындай сөздөрдүн кайсыл категориядагы сөздөрдүн маанисинде колдонулса, ошого мүнөздүү болгон лексика-грамматикалык касиеттерге ээ болуусу эсептелет. Ошондуктан тил системасынын туруктуулугу, кыймылсыздыгы дайыма салыштырмалуу, ал эми сөздөрдүн сөз түркүмдөр классификациясы өзгөрмөлүү.

**Жыйынтыктар:**

1. Сөз түркүмдөрүн классификациялоо жөнүндөгү маселе тилдин жалпы теориясында да, айрым бир тилдерди анализдөөдө да бир кыйла талаштуу маселе болуп калды;
2. Сөз түркүмдөрүн айырмалоочу классификациясын иштеп чыгуу түбөлүктүү жана чечилиши күмөн болгон проблема боюнча калууда;
3. Тил системасынын туруктуулугу, кыймылсыздыгы дайыма салыштырмалуу, ал эми сөздөрдүн сөз түркүмдөр классификациясы өзгөрмөлүү экендиги белгиленди.

**Адабияттардын тизмеси:**


1. **Brendal V.** Les Parties du Diskours. Partesorationes [Текст] V. Brendal. – Copenhagen, 1978. – 12 p.
2. **Ильиш В. А.** Строй современного английского языка [Текст] / В. А. Ильиш. – Л., 1971. – 27 с.
3. **Бабайцева В. В.** Гибридные слова в системе частей речи современного русского языка [Текст] / В. В. Бабайцева // Русский язык в школе. – 1981. - № 3. – С. 81-84.
4. **Лукин М. Ф.** О номинативно-грамматическом принципе классификации частей речи в современном русском языке [Текст] / М. Ф. Лукин // Русский язык в школе. – 1992. - № 1. – С. 82-87.
5. Русская грамматика [Текст]: В 2-х т. – М., 1984. – С. 32-38.
6. **Шмелев Д. Н.** Современный русский язык [Текст]. Лексика. / М. Ф. Лукин. – М., 1977.


**УДК 811.111**

***Сарыков С.Т.***

*кандидат филологических наук, доцент, Кыргызско-Узбекский университет*

# ПОХВАЛА, ПОЖЕЛАНИЯ, СКАЗАННЫЕ В ВИДЕ ФРАЗЕОЛОГИЗМОВ И ИХ СЕМАНТИКА В КЫРГЫЗСКОМ ЯЗЫКЕ

*Предметом исследования является виды и особенности фразеологизмов и их семантика в кыргызском языке. Целью работы является развитие фразеологизмов кыргызского языка, как наследие и богатство сокровищницы художественного слова кыргызов. В данной научной статье раскрыта суть, встречающихся в повседневной жизни, культуре речи кыргызского народа, фразеологизмов «приму на себя твои беды, приму я твои тяготы,*

*стану жертвой за тебя, паду я в качестве искупительной жертвы» - (досл. перевод), которые применяются в культуре речи как готовый материал. Определено, что они хотя и произносятся по-разному, но имеют одинаковое значение и используются в речи как синонимы. Такие фразеологизмы используются при ласковом обращении к маленьким детям, младшим, выражают любовь, мольбу. Обозначено, что сохранение фразеологизмов, как наследие, богатство сокровищницы художественного слова кыргызского народа, способствование их дальнейшему развитию являются актуальными проблемами современного кыргызского языкознания.*

***Ключевые слова**: приму на себя твои беды, приму я твои тяготы, стану жертвой за тебя, паду я в качестве искупительной жертвы.*

## КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕГИ АЛКОО, КААЛОО-ТИЛЕК ИРЕТИНДЕ АЙТЫЛГАН ФРАЗЕОЛОГИЗМДЕР ЖАНА АЛАРДЫН СЕМАНТИКАСЫ

*Изилдөөнүн предмети болуп кыргыз тилиндеги фразеологизмдердин түрлөрү жана өзгөчөлүктөрү жана алардын семантикасы эсептелет. Иштин максаты болуп, кыргыздардын көркөм сөзүнүн мурасы жана байлыгы катары, кыргыз тилинин фразеологизмдерин өнүктүрүү эсептелет. Бул илимий макалада кыргыз элинин күнүмдүк турмушунда колдонулуучу, кеп маданиятында көп кездешүүчү «Алдыңа кетейин, секет кетейин, балекетиңди алайын, мээнетиңди алайын, садага болоюн, бөйрөгүмдү чабайын, колкомду чабайын, өпкөмдү чабайын, жүрөгүмдү берейин» ж.б. деген сыяктуу фразеологизмдердин кеп маданиятында даяр материал катары колдонулгандыгы ачып берилди. Булардын айтылыштары гана ар башка болуп, мааниси бирдей экендиги байкалып, бири-бирине синоним катары пайдаланыла берет. Мындай фразеологизмдердин мааниси көбүнчө кичинекей балдарды, өзүнөн кичүүлөрдү эркелетүү, жакшы көрүү, жалынып - жалбаруу маанисинде колдонулат. Эл арасында колдонулуп келе жаткан фразеологизмдерди мурас катары сактап, көркөм сөз казынасындагы бирден-бир байлык катары карап, мындан ары өркүндөтүү, өстүрүү Азыркы кыргыз тили илиминин милдеттеринен экендиги көрсөтүлгөн.*

***Негизги сөздөр**: Алдыңа кетейин, секет кетейин, балекетиңди алайын, бөйрөгүмдү чабайын, колкомду чабайын, өпкөмдү чабайын.*

## PRAISE AND WISHES WHICH HAVE SAID IN THE KIND OF PHRASEOLOGISMS AND THEIR SEMANTIC MEANING IN THE KYRGYZ LANGUAGE

*In the given article revealed the meaning of phrasiologisms such as "will accept your sorrows, will accept your difficulties, become a victim instead of you, will fall as a victim"- (word for word translation), which are used in the culture of speech as ready material, meeting in the Kyrgyz nation's common life and culture of speech. It was defined that they are pronounced differently, but have the same meaning and used in the speech as synonyms. Such phrasiologisms used in tender, soft correspondence to the small children and express the love and request. It was found that saving of phrasiologizms as heritage, richness of treasure of artistic word of Kyrgyz people, assistance to its further development are the actual problems of modern Kyrgyz linguistics.*

***Key words**: will accept your sorrows, will accept your difficulties, become a victim instead of you, will fall as a victim.*

Биздин кебибиз сүйлөмдөрдөн турат, ал эми сүйлөм болсо бир канча сөздөрдүн катышуусу менен түзүлөт. Сөздөр грамматикалык жактан өз ара байланышкан, белгилүү бир синтаксистик бүтүнгө бириккен абалда болуш керек. Демек, сөздөр сүйлөмдүн составдык бөлүгүнө айланып, ага бардык жагынан камтылыш үчүн грамматикалык жактан уюшулуп бири-бири менен өз ара айкалышып турууга тийиш. Эки же андан көп

сөздөрдүн грамматикалык жактан өз ара байланышкан тутуму сөз айкашы деп аталат. Сөз айкалыштарынын эки түрү бар: анын бири-эркин, экинчиси-туруктуу сөз айкалышы. Составындагы сөздөрдү башка сөздөр менен алмаштырып, которуштуруп жиберүүгө мүмкүн болгон айкалыштар эркин айкалыш деп аталат. Мисалы, «чытырман токой» деген айкалышты алалы. Мында чытырман деген сөздү «калың, коюу, жыш» деген сөздөр менен алмаштырып, «калың токой, коюу токой, жыш токой» деп айтууга болот. Ушул өңдүү мүнөздөгү сөз айкашы эркин сөз айкалышы деп аталат. Ал эми «чычкан мурду жоргологус» (жыш, коюу), «жылдызы түштү» (капаланды), «каны ичине тартты» (ачууланды) сыяктуу көрүнүштөр тил илиминде туруктуу сөз айкаштары. Алар фразеологизмдер деп аталат [1-6].

Адамдардын ички сезимин кубануусун, кайгыруусун, көңүлсүздүгүн, жинденүүсүн, ыраазы болуу сезимдерин тышкы турпатынан гана эмес сүйлөө кептеринен да даана байкоого болот. Адамдын бул сезимдеринин көрүнүшүн жөн жерден билүүгө болбойт. Ал билинүү үчүн кандайдыр бир түрткү, же башкача айтканда объект болуусу керек. Алсак, алкоо, каалоо - тилек иретинде айтылган фразеологизмдер кандайдыр бир ыраазы болгондо адамдарга карата эркелетүү, жалынуу-жалбаруу маанисинде, мисалы, «алдыңа кетейиним, бөйрөгүмдү чабайын, балекетиңди алайын» деген фразеологизмдер жакшы тилекте, кубанычта экендиги анын ошол айткан сөзүнөн билинип турат. Мындай алкоо, каалоо-тилек ирээтиндеги фразеологизмдер кыргыз элинде көптөн бери жашап келе жаткан көрүнүш. Алкоо, каалоо-тилек эл арасында кеңири таралган жана кенен сиңип жашап келе жатат. Башкача айтканда, бул көрүнүш эл тарабынан түзүлүп, жалпы элдик кенч катарында көптөгөн жылдар бою ооздон-оозго, муундан-муунга өтүп келген. Биздин ата-бабаларыбыз өз кептеринде даяр сөз айкашы катарында пайдалангандыктан бизге келип жетти. Эми бул фразеологизмдерди мурас катары сактап, көркөм сөз казынасындагы бирден бир байлык кылып, мындан ары өркүндөтүү, өстүрүү азыркы жана кийинки муундардын милдети болуп эсептелинет.

Кыргыз тилиндеги алкоо, каалоо-тилек иретинде колдонулган фразеологизмдер жана алардын маанилеринин чечмелениши:

***Ак жолун ачылсын!***

«Ишиң оңолсун, сапарың байсалдуу болсун, сапарың ийгиликтүү болсун, көздөгөн максатыңа жеткин» деген сыяктуу алкоо маанисинде айтылат. Мисалы:

- Ак жолуң ачылсын, кагылайын! - дешип чуу көтөрүштү. Жеткени алкыш менен Бакастын колун кыса кармашып, жетпегени алыстан ыраазы [7].

***Ак жоолугуң башыңан түшпөсүн!***

Келиндерге карата: «бактылуу бол, алганың менен тең кары, өмүрлүү бол, баары жакшы болсун» деген каалоо-тилек маанисинде колдонулган фразеологизм.

- Кем болбо, балам! Ак жоолугуң башыңан түшпөй, бактылуу бол! - дешип катындар чуулдап алкашты.

***Жолуң шыдыр, жолдошун кыдыр болсун!***

Жолго чыккан, жол тартып бараткан адамга карата «жолдон эч кандай кырсыкка учураба, бардыгы оюңдагыдай болсун» деген алкоо, жакшы тилек кылуу маанисинде колдонулат.

- Жолуң шыдыр, жолдошуң кыдыр болсун, балам! – деп карыя адам батасын берди.

***Көшөгөң көгөрсүн!***

«Бак-таалайлуу, бала-чакалуу бол, жакшылыкка жет» деген алкоо, ыраазы болуу маанисинде колдонулат.

- Ыракмат, кызым! Көшөгөң көгөрсүн! - деп кемпир үнүн кыргылдантты.

***Кудай жалгасын! Теңир жалгасын!***

Көбүнчө келиндерди алкоо, же бирөөлөргө ыраазы болуу маанисинде колдонулат. Айрым учурда колго суу куйган жаш жеткинчектерге айтылат. Мисалы: - Кудай жалгасын, өмүрлүү бол, балам! - Суудай өмүрүн узун болсун!

- Теңир жалгасын! А-а, айланайын балам. Сага чоң ыракмат!

- Сени теңир жалгасын! Эми биз кайталы, келе колуңду бер, азаматым!

***Кадырың жан болсун!***

«Кам санабагын, убайым тартпагын, сөзсүз болууга тийиш» деген мааниде колдонулат. - Кадырың жан болсун! Ичкен ашыңдай көр. Сенин кадырың жан болсун, көп эле кабатыр боло бербе.

***Учуң узарсын! Ишиң оңолсун!***

«Ишиң илгерилесин, жакшылыкка жет, укум-тукумуң өссүн» деген сыяктуу алкоо, ыраазы болуу маанисинде колдонулат.

- Уучуң узарсын, жолдош Бегалиев! Мектеп үчүн сиздин сиңирген эмгектериңизди элибиз дайым жогору баалайт! - деп Сабырдын колун бекем кысып, аны кабинетинин эшигине чейин узаткан.

***Оозуңа май!***

Кандайдыр бир жакшылык, же жакшы кабар жөнүндө билгизген кишиге карата сүйүнүү, толкундануу менен алкоо маанисинде колдонулат.

- Айтканыңыз чын болсо, оозуңузга май, молдоке!

***Оозуңда бардыр!***

«Кимдир биреөнүн айткан кебине карата сенин айтканыңдай болуп калар» деп үмүт кылуу, ыраазы болуу маанисинде колдонулат.

***Өмүрлүү бол!***

«Көп жаша, өмүрүң узун болсун» деп алкоо маанисинде колдонулат. Мисалы: - Тек! - деп Омор тура калды.

- Окулган сөздөрдү ким жазса да өмүрлүү болсун, ким болсо да! [7].

***Өркүнүң өссүн!***

Көбүнчө жаштарга карата «зоболоң көтөрүлсүн, бактылуу бол», - деп алкоо маанисинде колдонулат. Мисалы: Омор уулуна эскертти. - Жакшы өс, өркүнүң өссүн!

***Алдыңа кетейин!***

«Жакшы көрүү, эркелетүү, жалынып-жалбаруу» маанисинде (көбүнчө балдарга карата) колдонулат. Мисалы: - Алдыңа кетейин, каралдым! - деп уктап жаткан баласынын чекесинен сылап койду.

***Балакетиңди алайын!***

«Биреөгө (көбүнчө балага, же өзүңөн кичүүлөргө) жалынып - жалбаруу, жакшы көрүү» маанисинде айтылат. Мисалы: Чоң эне демин ичине алып, токтоло калды: - Балекетиңди алайын, жылдызым!.. Уктап жатса да кабагы жарык.

***Бөйрөгүмдү чабайын! Колкомду чабайын! Өпкөмдү чабайын!***

Жакшы көргөн кишисине, же балага карата «жалынып-жалбаруу, жакшылык каалоо» маанисинде колдонулат.

Мисалы: - Оозуңа май, өпкөмдү чабайын! - деди Гүлайым.

***Мээнетиңди алайын!***

«Айланайын, кагылайын, жаман нерсенин баарын өзүмө алайын» деген жалынуу маанисинде колдонулат. Мисалы: - Жылдызкан чарчаган жоксуңбу, ыя? - Мээнетиңди алайын, каралдым!

***Садага болоюн! Садагаң кетейин! Секет болоюн!***

Баласын же өзүнөн кичүүлөрдү эркелетүү, жалынып - жалбаруу, жакшы көрүү маанисинде колдонулат. Мисалы: Садага болоюн, жалжылдаган көзүңдөн!

- Садагаң кетейин десе! – деп, Калмурат Алымкулга карады.

- Секет болоюн, өз үйүңдөгүдөй көрүп, тартынбай иче бер, - дейт эне чоочун кызга.

***Сенин таманыңа кирген тикен менин чечекейиме кирсин!***

«Сен тартар азапты мен тартайын, сага келген кырсык, балээнин баары мага келсин» деген мааниде.

***Ак чүч!***

Чүчкүргөн кишиге (көбүнчө балдарга карата) «соо бол, саламат бол, жакшылыкка болсун» деген каалоо маанисинде айтылат. Мисалы: - Ысак катуу чүчкүрүп жиберди эле, - Ак чүч! - деген үн чыкты.

***Ат байгелүү болсун!***

Ат чабышта ат ээсине, же ошол тарапта болгон кишилерге «жеңиштүү болгула» деген мааниде айтылуучу тилек.

***Арбак колдосун!***

«Кандайдыр бир кыйынчылыктан чыгууга ата - бабанын касиети жардам берсин» деген сыяктуу каалоо-тилек маанисинде колдонулат. Мисалы: - Ата-бабаңдын арбагы колдосун!

***Аягыбыз жеңил болсун!***

Көбүнчө оорулуу адамды көргөнү барган кишилер тарабынан сыркоо адамды «тез сакайып кет, тезирээк баш көтөр, ооруң жеңил болсун» деп тилек кылуу маанисинде колдонулат.

- Болуптур анда, жакшы тургула, биз кетелик, аягыбыз жеңил болсун! [7].

***Бешик боо бек болсун!***

«Жаңы төрөлгөн баланын ата - энесин куттуктап, баланын аманчылыгын тилеген алкыш» маанисинде колдонулат.

- Бешик бооң бек болсун, Гүлайым.

***Куш боо бек болсун!***

Жаңы үйлөнгөн, аял алган кишиге карата куттуктоо иретинде айтылат. - Куш боо бек болсун! - деп Бекжан Карыптын колун кысты [7].

***Кудайдын кулагы сүйүнсүн!***

«Жакшылык эле болсун, ылайым жамандык болбосун» деген мааниде колдонулат.

- Кудайдын кулагы сүйүнсүн, андан көрө кудаңдын келер күнүн күт.

***Кудай кут кылсын!***

«Буюрсун, ушул эле жетишет, мындан көптүн кереги жок» деген сыяктуу каниет кылуу маанисинде колдонулат.

- Ушул малды-жанды кудай кут кылсын. Кудай кут кылса жетишет [7].

***Менин колум эмес, Умай эненин колу.***

Көбүнчө балдарды эмдеп-домдоодо, же аялдарды төрөтүүдө «бул касиеттүү колдун эми түшсүн, айыгып кетсин» деген тилек маанисинде колдонулат.

***Согум чүйгүн болсун!***

Согум союп жаткан кишилерге карата «эт берекелүү болсун, семиз болсун» деген сыяктуу каалоо-тилек маанисинде айтылат. Мисалы: Кадырдын: - Согум чүйгүн болсун! деген сөзүнө, ичеги - карын артып жаткан Мария: чүйрүң-чүйрүң этип, жегилик кылсын, - деп, тамашалай жооп берди [7].

Тилек, каалоо, алкыш айтуу маанисинде колдонулган фразеологизмдер сүйлөөчүнүн экинчи тарапка карата билдирген мамилесин, оюн, ички сезимин баяндай турган туруктуу сөз айкалыштары көтөрүңкү интонация, күчтүү сезим менен айтылгандыктан аягына илеп белгиси коюлат. Булардын составындагы атооч сөздөрдөн болгон компоненттер экинчи жакка таандык формада, этиштен болгон компоненти - сын, - гыр, -ын сыяктуу мүчөлөрдүн жалганышы менен айтылат.

«Тил байлыгыбыз эки кабаттуу. Биринчи кабаты, тактап айтканда үстүңкү кабаты шайдоот болот. Аны адамдын бардыгы эле билишет. Экинчи астыңкы кабаты кишинин бардыгына эле түшүнүктүү боло бербейт. Аны чечмелөө керек. Астыңкы кабаттагы сөз байлыгын өздөштүргөн адам даанышман, сөзмөр да болот», - деп айткан көрүнүктүү окумуштуу Кусейин Карасаев. Кыргыз элине опол-тоодой эмгек жасаган окумуштуу К. Карасаев эл чыгармаларындагы унутулуп бараткан макалдарды, лакаптарды, фразеологизмдерди, жалпылап айтканда накыл сөздөрдү жыйноого, анын маанисин чечмелөөгө көп аракет кылган. Ар бир накыл сөздүн капкагын ачып, илгерки маанисин тактоого чоң аракет жасаган.

Жогорто жазылып, маанилери чечмеленген, алкоо, каалоо-тилек иретинде айтылган фразеологизмдердин кээ бирлерин К. Карасаевдин «Накыл сөздүгүнөн» карап, алардын накыл сөз катары айтылганына жана семантикасына токтололу:

***Ак чүч!***

Насмайын жыттаган Зарбат чүчкүрүп ийди. Кошоматтанган үндөр:

-Ак чүч!

-Ак чүч! Арбак колдосун!

-Ишибиз оңолот экен [7].

«Ак» - чын, анык. «чүч» - жыргоо, мээнүү, жеңилдөө деген мааниде. Кыргыздын илгертеден берки ишениминде адам чүчкүргөндө, анын жаны бекийт делген. Айткандай эле, адам чүчкүргөндө анын бир түрлүү жыргай түшө тургандыгы да чын.

***Кадырың жан болсун!***

- Жаңсап эле кой, кадырың жан болсун! [7].

«Кадырыңыз жан болсун!» - ишенип коюңуз, кам санабаңыз, санааңыз бел алды болбосун деген сыяктуу маанилерде кеңири колдонулат. Бул сүйлөмдүн ичиндеги «кадыр», «жан» дегендердин бардыгы араб - фарс сөздөрү. Кыргыз тилине оозеки киргенде тыбыштык түзүлүшү такыр башкача болуп калган. Негизги айтылышы «фатир жамыг». «Фатир» - көңүл, ой, санаа деген маанилерде. «Жамыг» - чогуу, бөлүнбөсүн деген мааниде. Мына ошентип, «Санааңыз бел алды болбосун» деген мааниде. Бирок бул мааниден көрө «ишенип коюңуз, кам санабаңыз» деген маани элге сиңип кеткен.

***Куш боо бек болсун!***

«Куш боо бек болсун» - Алган жарың куттуу болсун, алганың менен түбөлүк өмүр сүр, - деген маанидеги куттуктоо. Кыргыздар алган аялды бапестеп колго кондурган куш сыяктуу баалаган. Алган аял менен өмүрдүн акырына чейин жашоону максат кылып койгон. Куш таптап салган. Кушту качып кетпей турган кылып үндөккө көндүргөн. Сылап-сыйпап жакшы таптаган. Алган аялды ошол жакшы таптаган кушка теңеген. Ошондуктан жигит үйлөнгөндө жакшы тилек каалап, жогорку накыл сөз менен куттуктаган. Эгер куш жаман тапталса, ал жемди да жөн жеген эмес. Ошон үчүн «Катынды башынан үйрөтүү керек, баланы жашынан үйрөтүү керек», - деп макал да чыгарган, куш колдо бир - эки түлөгөндө мурунку түсү өзгөрүп көгүш тартып кетет. Андай куштар бир топ чаар да болот. Эрден чыккан чатагыраак аялга жолуккан эркек «балапан куш албай, көк кушка жолугупмун» деп өкүнгөндөр да болот. Кыскасы, куш аркылуу аялды сыпаттаган.

Кыргыз элинде жакшы тилекке карата айтылган сөздөрү көп учурайт.

***«Коңшу кут болсун!»*** - жаңы конуш алганда, жаңы жерге көчүп конгондо, же уул-келиндин өзүнчө өргө тигип, бөлүнүп чыкканында «куттуу болсун» деген маанидеги айтылган жакшы тилек.

Көч үстүндө жолукканда «Көч байсалдуу болсун!», - дейт. Эгин оруп жаткан адамды көрсө «Орок мокосун», - дейт. Кырман бастырып жаткан дыйканды көрсө «Кызылга береке!», - дейт. Согум союп жаткан адамга «Согум чүйгүн болсун!», - дейт. Той берип жаткан адамга жолукса, «Той маареке болсун!», - дейт. Жүгүнгөн келинге «Теңир жалгасын, тилегиңе жет!», - деп алкайт. Колго суу куйган балага «Узун өмүрлүү бол! Бактылуу бол!», - дейт. Кой кыркып жаткан адамдарга жолукса «Кыркар көбөйсүн!» дейт. Төлдөп жаткан малдын үстүнөн чыкса «Төлгө береке!», - дейт. Күлүк чапкан саяпкерди көрсө «Ат байгелүү болсун!», - дейт.

Кыргыз тилиндеги алкоо, каалоо - тилек ирээтиндеги фразеологизмдер кыргыз элинин ар бир сүйлөө кебинде, же күнүмдүк кайталануучу турмушунда эле колдонула бербейт. Бул фразеологизмдер кыргыз элинин каада - салт, үрп - адаттары менен тыгыз байланышта. Мисалы, кыргыз элинде үйлөнүү той, бешик той, жаңы үйдүн тою, ошондой эле илгертен бери келе жаткан салтка айланган келиндердин өзүлөрүнөн улууларга урмат көргөзүп, же учурашкандагы белгиси катары ийилип жүгүнүүсү сыяктуу салттар бар. Мына ушундай учурларга байланыштуу алкоо, каалоо-тилек ирээтиндеги фразеологизмдер колдонулат.

Мындан сырткары кыргыз элинин күнүмдүк турмушунда колдонулуучу, көп кездешүүчү «Алдыңа кетейин, секет кетейин, балекетиңди алайын, мээнетиңди алайын, садага болоюн, бөйрөгүмдү чабайын, колкомду чабайын, өпкөмдү чабайын, орун басарым, атамдын камчысы» деген сыяктуу фразеологизмдер көп колдонулат. Булардын айтылыштары гана ар башка болуп, мааниси бирдей экендиги байкалып, бири-бирине синоним катары пайдаланыла берет. Булардын мааниси көбүнчө кичинекей балдарды, өзүнөн кичүүлөрдү эркелетүү, жакшы көрүү, жалынып - жалбаруу маанисинде колдонулат.

**Жыйынтыктар:**

1. Кыргыз элинин күнүмдүк турмушунда колдонулуучу, кеп маданиятында көп кездешүүчү «Алдыңа кетейин, секет кетейин, балекетиңди алайын, мээнетиңди алайын, садага болоюн, бөйрөгүмдү чабайын, колкомду чабайын, өпкөмдү чабайын, жүрөгүмдү берейин» ж.б. деген сыяктуу фразеологизмдердин кеп маданиятында даяр материал катары колдонулгандыгы ачып берилди;
2. Фразеологизмдердин айтылыштары гана ар башка болуп, мааниси бирдей экендиги байкалып, бири-бирине синоним катары пайдаланышы аныкталды;
3. Фразеологизмдердин мааниси көбүнчө кичинекей балдарды, өзүнөн кичүүлөрдү эркелетүү, жакшы көрүү, жалынып - жалбаруу маанисинде колдонулушу белгиленди;
4. Фразеологизмдерди мурас катары сактап, көркөм сөз казынасындагы бирден-бир байлык катары карап, мындан ары өркүндөтүү, өстүрүү азыркы кыргыз тили илиминин милдеттеринен экендиги көрсөтүлдү.

**Адабияттардын тизмеси:**


1. **Абдулдаев, Э.** Кыргыз тили [Текст] / [Э. Абдулдаев, С. Давлетов, А. Иманов и др.]. – Фрунзе: Мектеп, 1986.
2. **Ахматов, Т.** Азыркы кыргыз тили (Фонетика, лексика) [Текст] / Т. Ахматов, Ж. Муканбаев. – Фрунзе: Мектеп, 1978.
3. **Ахматов, Т.** Кыргыз тили (Фонетика, лексика) [Текст] / Т. Ахматов, С. Өмүралиева. – Фрунзе: Мектеп, 1990.
4. **Давлетов, С.** Кыргыз тилинин грамматикасы [Текст] / С. Давлетов, Ж. Муканбаев, С. Турусбеков. – Фрунзе: Мектеп, 1982.
5. **Карасаев, К.** Накыл сөздөр [Текст]: Тил казынасынан / К. Карасаев. – Бишкек: Шам, 1983.
6. Кыргыз тилинин фразеологиялык сөздүгү [Текст]. – Фрунзе, 1980.
7. **Сыдыкбеков, Т.** «Тоо арасында» романы [Текст] / Т. Сыдыкбеков. – Фрунзе, 1882.

# V. ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ НАУКИ

УДК 621.1.016

**Короли М.А.**
*доктор технических наук, доцент*
**Бадалова Д.А.**
*Ташкентский государственный технический университет*

## ПРОЕКТНАЯ ТЕХНОЛОГИЯ ОБУЧЕНИЯ ПРИ ОРГАНИЗАЦИИ САМОСТОЯТЕЛЬНОЙ УЧЕБНОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ БАКАЛАВРОВ

*В статье рассматриваются возможности и практическое значение использования интерактивных методов обучения в системе высшего образования. Центральное место отведено анализу проектной технологии в образовательном процессе. Предлагается способ организации самостоятельной учебной деятельности студентов, направленной на поиск, исследование и решение проблемы, и оформление результата на примере проектной технологии обучения. Предлагаемая технология учебной работы (учебного проекта) направлена на организацию самостоятельной учебной деятельности бакалавров 4 курса. Технология проектного обучения разработана на примере выпускной квалификационной работы бакалавра по направлению 5310100 – Теплоэнергетика (Энергосбережение в теплоэнергетике).*

***Ключевые слова**: интерактивные методы, метод проектов, дискуссия, дисциплина, методика, цели, задачи, формы обучения, проект, технологическая карта, технология обучения.*

## PROJECT TECHNOLOGY OF EDUCATION FOR THE ORGANIZATION OF INDEPENDENT STUDY OF BACHELORS

*The article discusses the possibilities and practical value of using interactive teaching methods in higher education. The central place is given to the analysis of project technology in the educational process. The way of the organization of independent educational activity of students, aimed at searching, research and problem solving, and presentation of results on the example of project technology of education is presented. The proposed technology of study (educational project) is aimed at the organization of independent educational activity of 4th grade bachelors. The project-based learning technology developed by the example of final qualifying work of the bachelor on a direction 5310100 - Teploenergetika (Energy saving in heat power engineering).*

***Keywords**: interactive methods, project-based method, discussion, discipline, technique, goals, tasks, modes of study, the project, technological card, technology of training.*

В условиях усиливающейся интеграции в мировом сообществе, обновление и развитие системы образования сегодня является одним из составных элементов единого процесса развития общества и государства. Главный приоритет Национальной программы по подготовке кадров это формирование самостоятельно и свободно мыслящей личности, способной сознательно участвовать в общественно - политической жизни государства. Выпускник современного ВУЗа постиндустриального общества XXI века должен обладать такими личными качествами, как гибкость в адаптации к изменяющимся условиям; самостоятельность в приобретении необходимых новых знаний; умелое использование их на практике при решении различных проблем. Весьма важным является способность иметь самостоятельное критическое мышление; умение видеть возникающие в реальных ситуациях трудности и находить путь их рационального и эффективного преодоления,

использовать современные технологии. К числу актуальных задач педагогической науки на современном этапе относится научное обеспечение целей, содержания, методов, средств и организационных форм воспитания, обучения и развития личности на основе использования достижений науки, техники, передовых технологий. Изменение образовательного процесса с подхода, основанного на знаниях, на практико-ориентированный подход к результатам образовательного процесса, неизбежно привело к постановке проблемы технологий и методов обучения, которыми эта практико -ориентированность будет достигаться.

Первостепенную роль в достижении поставленных целей играют активные и интерактивные формы и методы обучения. При активном обучении студентов большей степени выступает субъектом учебной деятельности, чем при пассивном обучении, вступает в диалог с преподавателем, активно участвует в познавательном процессе, выполняя творческие, поисковые, проблемные задания.

Внедрение интерактивных форм обучения – одно из важнейших направлений совершенствования подготовки студентов в современном вузе. Одной из методических инноваций является метод проектов — система обучения, при которой учащиеся приобретают соответствующие знания и навыки. В основу метода проектов положена идея, составляющая суть понятия «проект» - его прагматическая направленность на результат, который можно получить при решении той или иной практически или теоретически значимой проблемы. Этот результат можно увидеть, осмыслить, применить в реальной практической деятельности. Для достижения такого результата необходимо научить студентов самостоятельно мыслить, находить и решать проблемы, привлекая для этой цели знания из разных областей, умения прогнозировать результаты и возможные последствия разных вариантов решения, умения устанавливать причинно-следственные связи.

Предлагаемая технология учебной работы (учебного проекта) направлена на организацию самостоятельной учебной деятельности бакалавров 4 курса на поиск, исследование и решение проблемы и оформление результата в виде уникального продукта – расчета энергоэффективности теплообменного аппарата. Технология проектного обучения разработана на примере выпускной квалификационной работы бакалавра по направлению 5310100 -Теплоэнергетика (Энергосбережение в теплоэнергетике).

Учебное проектирование – происходит от слова «проект» и обозначает деятельность, инициируемую проблемой, включающую строго упорядоченную последовательность действий, начиная от поиска проблемы, организации и планирования деятельности по ее решению до публичного предъявления найденного способа ее решения (интеллектуального или материального продукта) для общественной оценки. Учебный проект — это способ организации самостоятельной учебной деятельности студентов, направленной на поиск, исследование и решение проблемы и оформление результата в виде уникального продукта (материального или интеллектуального), адресованного конкретному потребителю; средство учения, инструментарий, позволяющий применить теоретические знания к решению практических задач.

Для этого предварительно разрабатывается структура и содержание работы, представленные на рис. 1. Затем каждому бакалавру 4 курса выдается бланк задания содержащий основные компоненты:введение;сформулирована проблема, требующая своего разрешения в рамках проекта.

Излагаются и указываютсяцель и конечный результат проекта (продукт):

- предполагаемые пользователи проектного продукта;
- рамки проекта (продолжительность выполнения, количество участников);
- задачи и содержание проекта (или алгоритм выполнения);
- описание продукта проектной деятельности;график выполнения проекта.
- составляется технологическая карта для выполнения учебного проектирования.

Данная работа (учебный проект) разработана и реализована при организации самостоятельной учебной деятельности бакалавров 4 курса на поиск, исследование и решение проблемы, и оформление результата в виде конкретного уникального продукта –

энергоэффективного теплообменного аппарата (обоснованного теплотехническим расчетом), по договоренности с УП ПО «Тошиссиккуватти».

